# Исхак Раззаков – көралбастыктын курмандыгы

***1961-жылы Май пленумунда Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Исхак Раззаков кызматынан алынган. И.Раззаковду кызматтан алууга эмнелер негиз болгон эле? Эмгек ардагери Рабия МЕНСЕЙТОВА мына ушул боюнча өз пикирин бөлүшөт.***

ИСХАК Раззаков эң көрүнүктүү жогорку деңгээлдеги жетекчи эле. Убагында саясий интригалардан улам анын кыргыз эли, мамлекети үчүн ак ниет эмгеги, жакшы иштери өзүнө каршы коюлуп, кызматтан кетүүгө аргасыз болгон. Мен И.Раззаковго коюлган күнөөлөрдүн айрымдары жөнүндө айткым келет. Биринчиси, кыргыз тилин окутууга партиянын Борбордук Комитети өзгөчө көңүл бөлүп, эл арасында кеңири иш жүргүзгөнүн анын каршылаштары туура эмес деп баалашып, ага күнөө коюшкан. Бирок, бул саясаттын жаңылыш эместигин азыркы мезгил көрсөтүп отурат. Анткени, көпчүлүккө белгилүү болгондой кийин кыргыз тили мамлекеттик тил деп кабыл алынып, бул багытта бир катар иштер жүргүзүлсө да «орус тилине өткөрүү» саясатынын кесепеттеринен улам өз алдынча мамлекет болсок да мамлекеттик тилибизди өнүктүрө албай келебиз. Эгерде И.Раззаковдун демилгесине бут тосулбаганда ушул проблемалар жаралмак эмес...



Экинчиси, И.Раззаков жергиликтүү кадрлардан өнөр жай, транспорт, медицина, финансы жана экономика тармактарында иштөөчү адистерди даярдоого көп көңүл бөлүп, иштиктүү аракеттерди жасаган. Аны көралбастар үчүн бул дагы туура эмес болгон. Анын кесепетин 90-жылдардын башында орус тилдүү квалификациялуу адистер тарыхый мекендерине көчүп кете баштаганда билдик го... Азыркы мезгилде Президентибиз тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштердин аркасында XXI кылымдын кадрлары аттуу программа иштеп жатат. Бул программанын алкагында мамлекетибиздин андан аркы өнүгүшү үчүн керектүү адистер тарбияланып жаткандыгында талаш жок. Көсөм жетекчи Раззаков дагы ошол мезгилде республикабыз үчүн зарыл кадрларды даярдоого далалат кылганында эмне айып?

Үчүнчүсү, 1950-жылдын орто ченинде жаш балдар арасында ар кандай оорулар жайылып, зыянга учурагандар көбөйгөн. Бул маселеге И.Раззаков өзү көңүл бөлүп, республикалык бюджеттен 1,5 млн. сом акча бөлүү жөнүндө Өкмөт токтом кабыл алат. Бирок, элдин ден соолугуна кам көрүп, улуттун саламаттыгы үчүн аракети да чоң ката деп эсептелген. Ал эми быйыл А.Акаевдин демилгеси менен «Ден соолук жылы» жарыяланып отурат. Бул улуттун саламаттыгын сактоо мамлекеттик саясаттын маанилүү бөлүгү экендигин айгинелейт.

Ошентип, мындан 38 жыл мурда өзүнүн акылмандыгы, көрөгөчтүгү аркасында эли-жери үчүн чын дили менен иштеген азамат уулга негизсиз күнөө коюлуп, кызматынан алынды. А чынында анын күнөөсү эмне эле? Эне тилибизди, улуттук кадрларды өстүрүү, элдин ден соолугу үчүн кам көрүү, башкача айтканда элдин келечегин ойлоо эле. Бирок айрым адамдардын уюштуруусу менен И.Раззаковго жүрөктү ооруткан жаман сөздөрдү айтышып, кызматтан бошотууга батынышты.

И.Раззаков өтө акылдуу, жогорку маданияттуу, жумшак мүнөздүү, кичи пейил жана өтө чынчыл адам эле. Ал эли үчүн жан дили менен иштеген, өзүн таза кармаган жетекчи катары калк оозунда айтылып калды. Мен И.Раззаков 16 жыл республиканын жетекчиси болуп иштеп, өз эмгеги менен элине, жерине кылым өлчөмүндө эстелик калтырды деп айтаар элем.

P.S. 19-мартта көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Исхак Раззаковдун дүйнөдөн кайтканына 20 жыл толду. Бул чакан макала анын колу алдында кызмат кылган адам катары менин ага кылган ызаатым болсун.